КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ
БАЗАР-КОРГОН РАЙОНУ

“КЕҢЕШ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ” МЕКЕМЕСИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ
БАЗАР-КОРГОНСКИЙ РАЙОН

УЧРЕЖДЕНИЕ “АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ КЕНЕШСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА”

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

**06-февраль 2026-жыл № 6** **Совет айылы**

**“Гөлөгөн-Суу” муниципалдык ишканасынын ичүүчү суунун жана таштанды кызмат көрсөтүүлөрүнүн тарифин көтөрүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” мыйзамынын, “Муниципалдык менчик жөнүндө” мыйзамынын, Антимонополиялык жөнгө салуу органы тарабынан бекитилген тарифтик прейскуранттын жана муниципалдык ишкананын кайрылуусунун негизинде, Бюджет жана экономика, ички жана сырткы инвестицияны тартуу боюнча туруктуу комиссиясынын кортундусуна негиз, Кеңеш айылдык Кеңешинин IX-чакырылышынын кезектеги I-сессиясы угуп жана талкуулап **токтом кылат:**

1. “Гөлөгөн-Суу” муниципалдык ишканасы тарабынан көрсөтүлгөн ичүүчү суу кызмат көрсөтүүлөрүнө төмөнкү тарифтер бекитилсин:
   - Калк (абоненттер) үчүн – 1м$^3$ = 35 сом;
   - Социалдык объектилер үчүн – 1 м$^3$ = 45 сом;
   - Коммерциялык ишканалар үчүн – 1м$^3$ = 52 сом

2. “Гөлөгөн-Суу” муниципалдык ишканасы тарабынан көрсөтүлгөн таштанды кызмат көрсөтүүлөрүнө төмөнкү тарифтер бекитилсин:
   - Калк (абоненттер) үчүн (бир айга) – 200 сом;
   - Социалдык объектилер үчүн (бир айга) – 520 сом;
   - Коммерциялык ишканалар үчүн (бир айга) – 800 сом

3. Көрсөтүлгөн тарифтер КНС салык төлөмдөрүн эске албастан бекитилсин.

4. Токтомдун мыйзамдуу аткарылышын “Гөлөгөн-Суу” муниципалдык ишканасынын жетекечиси Э.Эргешевке милдеттендирилсин.

5. Токтом Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасынын ченемдик-укуктук актылары жөнүндөгү” Мыйзамына ылайык Кеңеш айыл өкмөтүнүн расмий WEB сайтына жарыялансын.

6. Токтомду көзөмөлдөө жагы Бюджет жана экономика, ички жана сырткы инвестицияны тартуу боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **Э.О.Оморов**